Текшерилди: [signature]

# Тема: Рэкетчилик – бул кылмыш.

**Сабактын максаты:**

а) Билим берүүчүлүк: Окуучуларга рэкетчиликтин маанисин жана ал кылмышка алып барарын түшүндүрүү, рэкетчилик жөнүндө толук маалымат берүү;

б) Өнүктүрүүчүлүк: окуучулардын рэкетчиликти жоюу жөнүндөгү ойлорун угуу менен бирге, рэкетчилик эмнеге алып барары жөнүндөгү түшүнүктөрүн өнүктүрүү, рэкетчиликти жоюунун жолдорун издеп чыгуу;

в) Тарбия берүүчүлүк: Окуучуларды ынтымактуулукка, бири-бирин сыйлоого, патриоттуулукка, жаман адаттардан алыс болууга тарбиялоо.

**Сабактын жабдылышы:** видео-тасмадан үзүндү (3-5 мин), ватман, маркер, буклет, сүрөттөр, компьютер, TV.

**Сабактын тиби:** тарбиялык саат.

**Сабактын формасы:** аңгемелешүү, топторго иш.

**Сабактын методу:** проблемалуу талдоо түзүү менен көргөзмөлүү түшүндүрүү;

**Сабактын түзүлүшү:** 1) Уюштуруу

Саламдашуу, окуучуларды толуктоо. (1 мин)

2) Көркөм тасманы көрсөтүү:

„Башаламан" көркөм фильминен үзүндү (3-мин)

3) Теманы түшүндүрүү:

Суроо-жооп иретинде (3 мин)

4) Топторго иштөө (8 мин)

Эмесе балдар жогоруда чагылдырылган силерден ойлоруңардын угуу менен рэкетчиликти кайсо болорун билдик. Рэкетчилик - бул кылмыштуулукка жениле ыңандак. Кыргыз Республикасынын мыйзамында кылмыш кылгандар жоопко тартылышат. Мен силерди жаман адаттардан алыс болууга чакырамын. Нер баарыбыз Манастын осуяттарында айтылгандай „Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган биримдикке" келип, ынтымактуулугу менен жана тартип киришсек, кандай гана кайгылуу мезгилдер, иштер болбосун жеңе алабыз. Рэкетчилик менен күрөшүүдө ар-бирибиз салым кошушубуз керек. Бүгүнкү сабак эч кимиңерди кайдыгер калтырбайт деп ойлойм. Рэкетчиликке каршы күрөшүүдө силерден да аракеттер четте калбай го деп ишенем. Бул сабакты төмөнкү ыр саптары менен аяктагым келет:

Кайраттуу бол, калыс бол,
Чаро оздойдон алыс бол.
Ата мекен, эл үчүн
Ар-намыстуу атуул бол.

Сабакка активдүү катышкандарга ыраазымын жана чоң рахмат айтамын.

Үй тапшырма! Эссе жазуу: „Мен парламентте болсом рэкетчиликке каршы кандай мыйзам сунуштайт элем?"

5) Долбоорлорду жактоо:
(ар бир топто 5 минута)

6) Жыйынтыктоо: (3 мин)

7) Үйгө тапшырма (2 мин)

**Мугалим:** Саламатсыздарбы, балдар! Бүгүнкү сабакта баштоодон мурун, көркөм тасмадан үзүндү көрүүнү сунуш кылам. „Башаламан" көркөм тасмасынан үзүндү коюлат.

- Айткылачы, балдар, бул тасмадан эмнени көрдүңөр?
- Бул тасмада балдардын бири-бирине зомбулук кылуусу, топторго бөлүнүүсү, чоң балдардын кичине балдарга жасаган мамилеси, балдардын салык салуусу көрсөтүлгөн;
- Ошондой эле ар кандай кылмыш иштерине баруусу чагылдырылган.
- Салык салуу, зомбулук кылуу, рэкетчилик көрсөтүл.
- Балдар, силер рэкетчилик дегенде кандай түшүнөсүңөр?
- Рэкетчилик - бул зордук-зомбулук жолу менен бирөөнүн буюмун, акчасын тартып алуу, коркутуу, зомбулук кылуу, уруп-сабуу ж.б. Мына ушундай жоруктарды жасаган балдарды же кыздарды биз рэкеттер деген термин менен таанып турабыз.
- Мындай көрүнүштөр кайда кездешет?
- Мындай көрүнүштөр мектептерде, жогорку окуу жайларында кездешет.
- Бул окуялар, көрүнүштөр менен кездештиңер беле?
- Мындай көрүнүштөр шаарыбыздагы айрым мектептеринде болуп жатат. Ал эми 52 сан үчүн өмүрү кыйылган баланын окуясы эч кимден эсинен кетпейт. Кыздар арасындагы мушташуулар өтө эле терс жорук деп эсептелет.

- Рэкетчилик эмнеге алып барат?
- Рэкетчилик кылмыш жасоого түрткү болот.
- Туура айтасыңар балдар. Бүгүнкү темабыз „Рэкетчилик - бул кылмыш" деп аталат.

Ал эми сабагыбыздын максаты: мектептердеги рэкетчиликти жоюунун жолдорун иштеп чыгуу менен бирге кылмыштуулуктун алдын алуу б.с.

Рэкетчилик азыркы мезгилдин жүрөктү ооруткан маселеси болуп жатат. Аны жоюу мүмкүнбү?
- Ооба, болот.
- Рэкетчиликти жоюу үчүн кимдер күрөшүүсү зарыл
- Мектеп, ата-энелер, окуучулар, ар бир жаран.
- Туура балдар. Анда рэкетчиликти жоюунун жолдорун иштеп чыгалы.

Бул сандыкчалардын ичинде кутучалар бар. Ар бир топ бирден кутучаны алгыла. Кутучалардагы тапшырмалар боюнча өз тобуңар менен жооп издегиле, ой жүгүрткүлө.
- Мектепте кимдер болушат?
- Мугалимдер, окуучулар.
- Үй-бүлө дегенди кандай түшүнөсүңөр?
- Үй-бүлөдө көп киши болот: чоң ата, чоң эне, ата-эне, бир туугандар.
- Укук коргоо органы деген эмне?
- Укук коргоо органы - элдин тынчтыгын, укукун коргоочу мамлекеттик мекеме. Анда милиционерлер иштешет.

I топ Мугалимдер II топ Окуучулар III топ Ата-энелер
IV топ Милиционерлер (укук коргоочулар). б.а. коом

Тапшырма: Рэкетчиликти жоюу үчүн эмне иш алып барасыңар? (Ойду сүрөт, ыр, кара сөз ж.б. түрүндө берсе болот). (7 мин).